

**Философия илимдеринин доктору,**

**профессор**

**ӨСКӨНБАЙ КОЗУБАЕВ**

**70 ЖАШТА**

Козубаев Өскөнбай Козубаевич 1953-жылы 14-октябрда туулган. 1961-1971-жылдары орто мектепте окуган. 1976-жылы ССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган.

1976-1995-жылдары Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Философия жана укук институтунда кенже илимий кызматкер, ага илимий кызматкер, сектор башчы, бөлүм башчы, институттун окумуштуу катчысы, директордун орун басары; 1995-2005-жылдары Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эки палатасында тең бөлүм башчы, төраганын жардамчысы, төраганын кеңешчиси, Эл өкүлдөр жыйынында Аппараттын жетекчиси; 2005-2011-жылдары И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде башкармалыктын башчысы, проректор, биринчи проректор, институттун директору; 2011-18-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматында (Кыргызпатент) башкармалыктын башчысы болуп иштеген. 2019-жылдан тартып Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А.Алтмышбаев атындагы Философия институтунда бөлүм башчы болуп иштөөдө.

Ө.Козубаев - философия илимдеринин доктору, профессор. Ө. Козубаевдин 200дөн ашуун макалалары жарыяланган, анын ичинен 100дөн ашуун илимий иштери түрдүү илимий жыйнактарда жана журналдарда жарык көргөн. Анын макалалары Scopus, Web of Science жана РИНЦ сыяктуу импакт фактору жогору болгон дүйнөлүк илимий журналдарда басылып чыккан. Ал 6 монографиянын автору. Ал Женева, Иерусалим, Дели, Лион, Милан, Москва, Астана, Алматы, Ташкент, Душанбе, Ашхабад, Минск шаарларында өткөн Эл аралык конференцияларда докладдар менен катышкан. Ө. Козубаевдин жетекчилиги менен бир нече кандидаттык диссертациялар жакталган жана жактоого даярдалууда. Мамлекеттик кызматтын I класстагы советниги деген класстык чинге ээ. И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Н. Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин ардактуу профессору.

Бириккен Улуттар Уюмунун Европалык экономикалык комитетиндеги Илим комиссиясында инновациялар боюнча жумушчу топтун мүчөсү (Женева, 2018-2022-жж.). Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар агенттигинин Коомдук кеңешинин төрагасы (2019-2021-жж.).

***Урматтуу Өскөнбай Козубаевич! Сизге бакубат жашоо каалоо менен бирге чыгармачылык зор ийгиликтерди каалайбыз! Кутман курагыңыз кут болсун!***

***А.А.Алтмышбаев ат. Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту***